**БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ ЗАМАНБАП ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ ТОКТОГУЛ КЕСИПТИК КОЛЛЕДЖ**

**Кесиптик окуунун программасы –050709**

# СИЛЛАБУС

Дисциплина: «Кыргыз тили»

## I.САБАКТЫН РЕГЛАМЕНТИ:

Лекция, семинар –Бейшемби 12.30 (тайпа ПНК-24)

## II. САБАКТЫН РЕКВИЗИТТЕРИ ЖАНА ПРЕРЕКВИЗИТТЕРИ:

Кредиттин сааттары: (окуу планына баш ийүү) - 2 кр. **Өтүлүүчү убактысы жана жери :** 1 семестр; расписаниеге баш ийүү.

**Пререквизиты:**Кыргыз адабияты

**Постреквизиты**: Риторика

## III. МУГАЛИМДИН МААЛЫМАТЫ:

**Лектор:**Анарбаева Жазгул Жумагуловна

**Байланыш номери:** 0778082983

ББЗИТИ, 3 кабат, каб. 304 **Кабыл алуу мөөнөтү:**
Понедельник-Дуйшомбу

## IV. КАТЫШУУЧУЛАРГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР:

- ✓ күндүзгү окуу бөлүмүндө окуй турган регламентке баш ийүү;
- ✓ катышуучу өзүнүн себепсиз калтырган күндөрүнө окуу жайдын мүдүрүнөн жазуу түрүндө түшүнүк кат үлгүсүндө уруксаат алуусу.
- ✓ окуу жайдын катышуучулары урматтоо менен окуу иштерине, сабактарына көңүл буруусу абзел;

- ✓ окуу жайы адилетсиздикти, тартипсиздикти, кылмыштуулукту баш ийдиртпейт;
- ✓ сабактарды себепсиз калтырууга болбойт;
- ✓ себепсиз калтырууларды актанууга болбойт;
- ✓ кеч калуу убактысы өзүн жана башкаларды сыйлабастыгын билгизет;
- ✓ даярдалган иштери (рефераттар, докладдар ж.б. иштери) өзү аткарган окуу материалдары сапаттуу болууга тийиш;
- ✓ сабак учурунда башка нерселер менен алаксыбоо;
- ✓ катышуучунун жооп берүү убагында сөзүн бөлбөө;
- ✓ сабак учурунда чөнтөк телефондорду өчүрүү керек;
- ✓ сабак учурунда, таннапис убагында катуу сүйлөгөн, тентек кылуу окуу жайдын талабына жооп бербейт; ✓ көпчүлук бар жерде, окуу бөлүмдөрүндө тынчтыкты кармоого тийиш.

## Бөлүм 1.Жалпы жобо 1.1Түшүндүрмө

Кыргыз тили – кыргыз элинин мамлекеттик тили жана ошондой эле улуттукмаданияттын эң жогорку формасы катары саналат. Кыргыз тилинин эне тил катары мектептердин жогорку класстарында жана жогорку окуу жайларында окутуу тилдик, кептик жана маданияттык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу максатын көздөйт.

Түзүлгөн бул программа буга чейинки өтүлүп келген темаларда ээ болуп келген билимдерин иш жүзүндө турмушта колдоно бүлүү мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу, дааналап айтканда, билгичтик, ыкма, машыгууларын калыптандыруу эне тилин практикалык – коммуникативдүүлүк багытта үйрөтүү максатта берилип жатат.

Адабий тилдик нормасын орду менен өздөштүрүү, ар кандай тилдик каражаттарды иргеп, таңдап колдонуучу, кепти туура, так, ачык-айкын, таза орунду, адептүү түрдө сүйлөй билүүгө, сөзмөрлүккө, чечендикке үйрөтүү үчүн студенттер өз алдыларынча машыгууларына оозеки жана жазуу жумуштарына окуу китебинен кеңири көрө алышат. Окуу китебинде ар бир темадан кийин ыгына жараша мазмунга бай, тарбиялык мааниси бар көнүгүүлөр, тексттер да берилген, мындан сырткары, окуу китептин талабына ылайык илимий – методикалык эмгектер жана тил илиминин жетишкендиктери пайдаланылып, анын жогорку идеялуулугу, илимге негизделгендиги сакталып, кабыл алууга жеңил, кыска жана так эреже, корутундулар менен жабдылган. Мына ошол окуу китебинде берилген жогоруда айтылган, китепте камтылгандардын баарынын негизинде ушул программа түзүлүп олтурат.

Студенттердин билимин өркүндөтүү, чыгармачылык менен ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, доклад, макалдарды жазууда кептин стилдерин талдай билүү, сабаттуулуктарын арттыруу жана калыптандыруу максатында негизги билгичтик, предмет аралык байланыштар эске алынып, программанын мазмунуна сиңирилди.

### 1.2 Сабакты топто жыйынтыгынын компетенциясы

**ЖК 1**- Озунун болочоктогу кесибинин маани-мазмунун,социалдык маанисин тушунуу,аны оздоштуруууго такай кызыгуу.

**ЖК 2**- Жеке ишмердуулугун уюштуруу,кесиптик тапшырмаларды аткаруу ыкмасын жана усулдарын аныктоо,алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо.

**ЖК 6 -** Команда жана жамаатта биргеликте иштөө, жетекчилер, кесиптештер, кардарлар менен эффективдүү иш алып баруу.

**1.3.Сабакты берүүнүн максаты**

Кыргыз тилин системалуу түрдө теориялык планда үйрөтүү эмес, студенттерди күндөлүк турмушта сүйлөшүүгө, сабаттуу, туура жазууга, кыргыз тилинин өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү менен туура окууга үйрөтүү болуп саналат. Адегенде студенттерди кыргыз тилинин фонетикасы курсунун, кыргыз тилинин алфавиттик системасы, өзгөчө үндүү жана үнсүз тыбыштар, алардын айтылышы, жазылыштары менен кеңири тааныштырып, андан соң түрк тилдерине мүнөздүү болгон үндөштүк мыйзамы тууралуу маалымат берилет. Фонетика боюнча берилген маалыматты бышыктоо үчүн ар кандай фонетикалык көнүгүүлөр, практикалык машыгуулар жүргүзүлөт.

Мындан сырткары морфология бөлүмүнө да көңүл бурулуп, алардын грамматикалык категорияларына ж.б. бөлүнүштөрүнө да токтолобуз. Андан соң, синаксис бөлүмүнө да токтолуп, алар боюнча маалымат берилет.

Ар бир сабакта өтүлгөн темалар боюнча көнүгүүлөрдөн сырткары кептик темалар, түзүлгөн, кептик тема үчүн тандалган ар бир тема боюнча студенттер алгач тексттер менен таанышып, андан кийин тексттин лексикасы менен иштеп жана ал тема боюнча өз алдынча тексттерди түзүшөт. Ал тексттерди студенттер жаттап, айтып берүүлөрү талап кылынат. Кептик теманын лексикалык материалдарынан студенттин заттык, сапаттык, кыймыл – аракеттик маанини билдирген сөздөрдү канчалык деңгээлде өздөштүргөнү окутуучу тарабынан колго алынат.

Студенттердин сөз байлыгын өстүрүүдө ар кандай сөз өстүрүүчү диалогдор грамматика менен айкалыштырылып берилет. Ошондой эле кыргыз элинин маданияты, каада-салты, улуттук өзгөчөлүктөрүн таанытуу максатында бул мазмундагы тексттер өздөштүрүлөт.

**1.4. Сабакты берүүнүн негизги милдети**

Бүгүнкү заманда эне тилди мектептерде, жогорку окуу жайларында окутуу, тилди кадырлоо жана сүйлөп-урунуу – негизги милдеттердин бири. Буга көптөгөн жүргүзүлгөн көрсөтмөлөр, токтомдор, жыйындар аздык кылат. Эң биринчиси – кыргыз тили боюнча ар кандай багыттагы илимий эмгектер, түшүндүрмөлөр, окуу куралдары жана даректүү, илимий –популярдуу эмгектер керек. -сабак учурунда эне тилинде сүйлөө;

-адабий нормада сүйлөөгө үйрөтүү;

-кетирген орфографиялык, грамматикалык каталарына көңүл буруу;

-туура сүйлөөнүн эрежелерине көңүл буруу;

-сөз байлыгын өстүрүүгө көмөк көрсөтүү;

-туура жазуунун эрежелерине көңүл буруу;

-ар бир сөздөрдүн маани – маңызына, анын чечмеленишине, түшүнүгүнө көңүл буруп, туура жолдорун үйрөтүү ж.б.

**1.5.Сабактардын байланышы**

**V. САБАКТЫН МАЗМУНУ**

## Бөлүм 2. Сабактын мазмуну, компетенциялары жана көлөмү

**Таблица 2.1**

| № | Теманын аталышы | Адабияттар | Практикалык сабактарга даярдоонун суроолору | Үй тапшырма |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Тилдин чыгышы жана өнүгүшү | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Тил кандайча пайда болгон?<br>2.Анын өсүп-өнүгүү жолу кандай?<br>3.Тилдин чыгышын окумуштуулар кандай негизде карашат? | “Кыргыз тили байыркы тил” доклад |
| 2. | Байланыштуу кеп. Кептин стлдери. | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Байланыштуу кеп деген эмне?<br>2.Байланыштуу кептин кандай түрлөрү бар?<br>3.Аларга бирден мисал келтирүү | 5-7-көнүгүү, 12-13-бет |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3. | Фонетика.Үнсүз тыбыштардын жасалуу ыгына жана ордуна карай бөлүнүшү. | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.- 383 б. | 1.Үнсүз тбыштар деген эмне?<br>2.Үнсүз тыбыштар ордуна карай кандай болуп бөлүнөт?<br>3.Үнсүз тыбыштар ыгына карай кандай болуп бөлүнөт? | 34-көнүгүү, 43-44бет |
| | Үндөштүк(сингормонизм) законы жана анын түрлөрү | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.- 383 б. | 1.Сингормонизмди кандай түшүнөсүң?<br>2.Үндөштүк законун кандай түрлөрүн билесиң?<br>3.Аларга мисал келтирүү (түрлөрүнө) | 36-38 – көнүгүү, 46-50-бет |
| | Үндүүлөрдүн эрин күүсүнө карай, үндөшүп өзгөрүүсү | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.- 383 б. | 1.Үндүүлөрдүн эрин күүсүнө карай өзгөрүүсү дегенди кандай түшүнөсүң? | 40-көнүгүү, 54-бет |
| | Эки сөздүн аралыгында үндүүлөрдүн түшүрүлүп айтылышы жана жазылышы | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.- 383 б. | 1.Бололек, туралбай, экүй, карөрүк деген сөздөр жазылышы туура жазылганбы?<br>2.Туура жазуу деген эмне, аны кандай түшүнөсүң? | Сабакта иштеген сөздөргө кластер түзүү (сөздөрдүн айтылышы, жазылышы боюнча) |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Бир сөз ичинде үнсүздөрдүн (н,з,ч) артка карай өзгөрүлүп айтылышы жана жазылышы | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Н, з, ч тыбыштарынын артка карай өзгөртүлүп айтылышынын себеби эмнеде? | 49-көнүгүү, 66-67бет |
| 4. | Кыргыз орфографиясынын негизги принциптери жана эрежелери | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Орфография жана орфоэпия деген эмне?<br>2.Кыргыз орфографиясынын кандай принциптерин билесиң?<br>3.Орфоэпиянын негизги эрежели деген эмне, алардын айтылыш, жазылышында кандай айырмачылыктар бар? | 60-көнүгүү, 84-85бет |
| 5. | Сөздүн көп маанилүүлүгү (полисемия) | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Полисемия деген эмне?<br>2.Сөздүн көп маанилүүлүгү деген эмне, анын полисемия менен окшоштугу барбы? | 71-көнүгүү, 96-бет |
| 6. | Омонимдер жана алардын түрлөрү | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Омоним деген эмне?<br>2.Алардын кандай түр бар? мисал<br>3.Омонимдерге келтирүү (бир нече) | 76-көнүгүү, 103бет |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Синоним анын түрлөрү | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Синонимди кандай түшүнөсүң?<br>2.Синонимдин кандай түрлөрү бар?<br>3.Синоним сөздөргө мисал келтирүү (бир нече) | 79-көнүгүү, 107-108-бет |
| | Антоним анын түрлөрү | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Антоним деген эмне?<br>2.Антонимдин кандай түрлөрү бар, алардын пайда болуу жолдору.<br>3.Антоним сөздөрүнө мисал келтирүү (бир нече) | Антоним сөздөрүнө кластер түзүү |
| 7. | Неологизм | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.- | 1.Неологизм деген эмне, аныга мисал келтирүү?<br>2.Неологизмдер кандай жолдор менен пайда болот? | Жаңы сөздөргө кластер түзүү |
| | | 383 б. | | |
| 8. | Кыргыз адабий тили жана диалектилер. Ономастика | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Кыргыз адабий тили деген эмне?<br>2.Диалектини кандай түшүнөсүң?<br>3.Кыргыз тилинде канча диалекти бар?<br>4.Диалекти сөздөргө мисал келтирүү 5.Ономастика деген эмне? | 102-көнүгүү, 125бет |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 9. | Этиштин татаал формалары, жардамчы этиштердин түрлөрү. | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Этиштин татаал формалары деген эмне?<br>2.Этиштер өз ара ичинен кандай болуп бөлүнөт? | 112-көнүгүү, 138бет |
| 10. | Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү. | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү деген эмне?<br>2.Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүнө кайсылар кирет? | 149-көнүгүү, 189бет |
| 11. | Иш кагаздары | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Иш кагаздары деген эмне, аларга кайсылар кирет?<br>2.Түшүнүк кат менен ишеним каттын кандай айырмасы бар?<br>3.Иш кагаздардын кандай түрү бар? | Өмүрбаян жазуу жана ал иш кагаздын кайсы түрүнө кирет,аныктоо керек. |
| 12. | Цитата жана диалог боюнча жалпы суроолор | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:<br>куу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Оозеки кепте диалаог өз кеп же тике кеп деп аталат, эмне үчүн?<br>2.Цитата деген эмне, ал кайсы учурда жазылат? | Эркин темада диалог түзүү |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 13. | Жазуу тарыхы жөнүндө сөз жана кыргыз жазуусунун тарыхы | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Жазуу дегенди кандай түшүнөсүң?<br>2.Жазуунун эң өнүккөн түрү кандай деп аталат?<br>3.Кыргыз жазуусу тууралуу эмнени билесиң? | Кыргыз жазуусу тууралуу доклад жазуу |
| 14 | Кыргыз тилинин лексикасынын баюуу жолдору. | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Тилдин лексикалык байланышынын ички булактары да өз ара бир нечеге бөлүнөт, алар кайсылар?<br>2.Лексика деген эмне? | 238-көнүгүү, 301бет |
| | Кыргыз тилинин лексикасынын семантикалык жол аркылуу байышы | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Кыргыз тилинин лесикасынын семантикалык жолу кандай байланышат?<br>2.Мисал келтирүү | 240-көнүгүү, 303бет |
| | Башка тилдерден сөзмө-сөз которуу жолу менен лексикасынын байышы | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.-383 б. | 1.Сөзмө сөз которуу жолу аркылуу жаңы мааниде пайдаланыла баштаган сөздөр которуу мүнөзүндө же ыгына карата эки топко бөлүнөт, алар кайсылар? | 242-көнүгүү, 305бет |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Орус тилинен кирген жана орус тили аркылуу кабыл алынган сөздөр | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.- 383 б. | 1.Орус тилинен кирген сөздөр деген эмне?<br>2.Ал кандай сөздөр? | 246-көнүгүү, 315бет |
| | Араб, Иран-фарс, Монгол тилдеринен кабыл алынган сөздөр | 1.Сапарбаев Асанкан, Өмүралиева Сүйүмкан, Эгембердиев Раимжан. Кыргыз тили:Окуу китеби,кыргыз мектептеринин 10 – 11класстары үчүн, оңдолуп, толукталып үчүнчү басылышы.-Б.:“Акыл” Акционердик коому-2003.- 383 б. | 1.Араб, Иран, Монгол тилдеринен кандай сөздөр кабыл алынган?<br>2.Бул тилдерден кирген сөздөрдүн кыргызча аталыштары кандай (мисал келтир, сөздөргө) | Араб, Иран, Монгол тилдерине кластер тузүү (алардын айырмачылыктарын көрсөтүү) |

## Бөлүм 4.Окутуунун технологиялары

**Таблица 4.1.**

| Активдештирүүнү ишке ашыруунун методикасы жана формасы | Лекция | семинар |
|---|---|---|
| Дискуссия | | 15 саат |
| Команда менен иштөө | | 15саат |
| Жеке окуу | | 30 саат |
| Интерактивдүү метод | | 20 саат |

## Бөлүм 5.Студенттердин баа алуусунун жол – жоболорунун жетишкендиктери

### Окутуунун натыйжаларын баалоо масштабы

«5» деген баа-бул баага татыктуу болуш үчүн мугалим тарабынан атайын берилген тапшырмаларды толугу менен аткарып, ал баардыгын аткарган, убугында үй тапшырмаларын жасаган, сабактан такыр калбаган, өзүн курбуларынын арасында таза,

тыкан алып жүргөн, курбулары менен өз ара тил табууну мыкты студентке «5» деген баа коюлат.

«4»деген баа- берилген акын-жазуучулар менен таанышкан, жомокторун окуган, бирок окуган жомогун жеткиликтүү уккулукту кылып, айтып бере албаган, окуган чыгарманын каармандарын толук эске ала албаган, сөз байлыгынын аздыгы, кантсе да аракети жакшы аракет кылган балага «4» деген баа коюлат.

«3» деген баа- бул бааны көбүнчө жалкоорок, билсе да аткаргысы келбеген, көңүлү кармаганда аткарып,кээде аткарбай, өз билгенин, өзү каалагандай жасаган, чыгармаларды толук, аягына чейин окуп чыкпаган, кошумча тапшырманы чала, иш жүзүнө ашыра албай калган, сабакка шалаакы мамиле кылган студентке «3» деген баа коюлган.

«2» деген баа- сабакты көп калтырган , таптакыр көңүл бурбаган, окубаган, курбулар арасында да, өзүн жакшы алып бара албаган, тил табыш албаган, дилгирлиги жок студентке «2» деген баа коюлат.

Жогоруда студенттерге берилген баалоолор бир гана алардын сабакты мыкты окуусунда гана эмес, эң жакшы деген баага татыктуу болуш үчүн адамдык сапаты, башка адамдар менен баарлашуусу бири- бирине төп келген, баарына бирдей мамиле жасаган, жакшы, эң негизгиси тартиптүү экени да каралат. Жоопкерчиликтүү болууга тийиш.

## 5.3. Биринчи семестрге карата сабак боюнча жыйынтыктоочу контролдук суроолор

1.Тил кандайча пайда болгон?

2.Анын өсүп-өнүгүү жолу андай?

3.Тилдин чыгышын окумуштуулар кандай негизде карашат?

4.Байланыштуу кеп деген эмне?

5.Байланыштуу кептин кандай түрлөрү бар?

6.Аларга бирден мисал келтирүү

7.Үнсүз тбыштар деген эмне?

8.Үнсүз тыбыштар ордуна карай кандай болуп бөлүнөт?

9.Үнсүз тыбыштар ыгына карай кандай болуп бөлүнөт?

10.Сингормонизмди кандай түшүнөсүң?

11.Үндөштүк законун кандай түрлөрүн билесиң?

12.Үндүүлөрдүн эрин күүсүнө карай өзгөрүүсү дегенди кандай түшүнөсүң?

13. Бололек, туралбай, экүй, карөрүк деген сөздөр жазылышы туура жазылганбы?

14. Туура жазуу деген эмне, аны кандай түшүнөсүң?

15. Н, з, ч тыбыштарынын артка карай өзгөртүлүп айтылышынын себеби эмнеде?

16. Орфография жана орфоэпия деген эмне?

17.Кыргыз орфографиясынын кандай принциптерин билесиң?

18.Орфоэпиянын негизги эрежели деген эмне, алардын айтылыш,жазылышында кандай айырмачылыктар бар?

19. Полисемия деген эмне?

20. Сөздүн көп маанилүүлүгү деген эмне, анын полисемия менен окшоштугу барбы?

21. Омоним деген эмне?

22. Алардын кандай түрлөрү бар?

23. Омонимдерге мисал келтирүү (бир нече)

24. Синонимди кандай түшүнөсүң?

25. Синонимдин кандай түрлөрү бар?

26. Синоним сөздөргө мисал келтирүү (бир нече)

27. Антоним деген эмне?

28. Антонимдин кандай түрлөрү бар, алардын пайда болуу жолдору.

29. Антоним сөздөрүнө мисал келтирүү (бир нече)

30. Неологизм деген эмне, аныга мисал келтирүү?

31. Неологизмдер кандай жолдор менен пайда болот?

32. Кыргыз адабий тили деген эмне?

33. Диалектини кандай түшүнөсүң?

34. Кыргыз тилинде канча диалекти бар?

35. Диалекти сөздөргө мисал келтирүү

36. Ономастика деген эмне?

37. Этиштин татаал формалары деген эмне?

38. Этиштер өз ара ичинен кандай болуп бөлүнөт?

39. Сүйлөмдүн баш мүчөлрү деген эмне?

40. Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүнө кайсылар кирет?

## Экинчи семестрге карата сабак боюнча жыйынтыктоочу контролдук суроолор

1. Иш кагаздары деген эмне, аларга кайсылар кирет?
2. Түшүнүк кат менен ишеним каттын кандай айырмасы бар?
3. Иш кагаздардын кандай түрү бар?
4. Оозеки кепте диалаог өз кеп же тике кеп деп аталат, эмне үчүн?
5. Цитата деген эмне, ал кайсы учурда жазылат?
6. Жазуу дегенди кандай түшүнөсүң?
7. Жазуунун эң өнүккөн түрү кандай деп аталат?
8. Кыргыз жазуусу тууралуу эмнени билесиң?
9. Фразеология деген эмне?
10. Фразеология өз алдынча кандай болуп бөлүнөт?
11. Фразеологизмге мисал келтирүү
12. Идиома деп эмнени айтабыз?
13. Фразеологиялык айкаш деген эмне?
14. Фразеологизмдердин кепте колдонулушунун кандай түрлөрүн билесиң?
15. Фразеологизмге мисал келтирүү
16. Тилдин лексикалык байланышынын ички булактары да өз ара бир нечеге бөлүнөт, алар кайсылар?
17. Лексика деген эмне?
18. Кыргыз тилинин лесикасынын семантикалык жолу кандай байланышат?
19. Сөзмө сөз которуу жолу аркылуу жаңы мааниде пайдаланыла баштаган сөздөр которуу мүнөзүндө же ыгына карата эки топко бөлүнөт, алар кайсылар?
20. Орус тилинен кирген сөздөр деген эмне?
21. Араб, Иран, Монгол тилдеринен кандай создөр кабыл алынган?
22. Сөз маданияты деген эмне?

23. Эмне үчүн сөз маданияты деп аталат?
24. Дээги эле стилистика деген эмне, аны кандай түшүнөсүң?
25. Стиль менен стилистиканын айырмасы эмнеде?
26. Силер жашаган аймактагылар адабий тилде сүйлөшөбү?
27. Адабий тилден тышкары турган сөздөр эмне үчүн мамлекеттик тилдин катарына кирбейт?
28. Улуттук тил менен мамлекеттик тилдин эмне айырмасы бар?
29. Кыргыз лексикасынын баюу жолдору негизинен канчага бөлүнөт?
30. Кепте фразеологизмдерди кандай жол менен пайдаланабыз же пайдалана албайбызбы?

## Бөлүм 6. Сабакты техникалык жабдыктар менен колдонуу

1.Компьютер

2.Ноутбук

3.Проектор ж.б.

## Бөлүм 7. Практикалык сабакта кроссвордун жасалуу формасынын болжолдуу түрдөгү талабы.

Кроссвордун оптималдуу сөздөрунүн көлөмү-20.

1) Кроссворд түзүүдөн мурун тематикалык түзүлүшүн жана сөздөрдү таңдоо керек, андан кийин ошого ылайык сүрөтүн чийүүсү абзел. Сөздөрдү эмне үчүн чийүүдөн мурун ойлонуу керек,себеби биринчи түзүлүшүн чийип алып, андан соң сөздөрдү жазсаң, кээ бир сөздөр чийменин ичине туура келбей калат же сөздөр көп, аз болуп калышы мүмкүн. Эрте чийилген чиймеде төрт, беш тамгадан болсо, андан соң даярдалган сөздүн тамгасы андан көп жети, сегиз болуп калса туура келбей калат.

2) Кроссвордун эң туура түзүлүшү төрт тарабы симметриялуу болгон чийүү туура делет, ар бир сөз минимум эки кесилиште болуусу керек ( көп болсо андан да жакшы). 3) Баарынан кызыктуу жана оор кроссворд үзүлбөгөн катары менен ар бир тамга

кийинки сөз менен дал келгени.Бирок мындай үзүлбөгөн кроссворд иштегенге, ойлонууга оңой келет.

4) Кроссвордун жасалгалоосунда колдон келсе туурасынан баштаган оңой келет, бирок жандырмагын толтурууда эч роль ойнобойт, аны түзгөнгө жөн гана оңой болот.

5) Кроссвордун жолу зат атоочтун атооч жөндөмөсүнүн жекелик түрүндө, айрым гана көптүк түрүндө болууга тийиш ж.б. 6) Эч кандай эмоционалдуу жана кыскартылган башка сөздөр колдонулбайт. Кроссворддо кеминде экиден сөз болбошу керек (Асан Туратович, ак жоолук ж.б.) мындан сырткары ортосуна сызыкча коюлган сөздөр да болбойт (Ак-Суу, аң- сезим ж.б.). 7) Кроссворддун чакмагы биринчи жазылган тамганыкындай болушу керек жана номерлери коюлушу абзел. Кээ бир сөздөрдө туурасынан жана тигинен келген бирдей номер болсо, ошондой учурда бурчта бир тамгадан (окшош) башталышы мүмкүн.

8) Сөздүн мааниси бир гана сөздүккө баш ийиш керек.

Болжолдуу докладдын жасалуу талабы ROWER POINT форматка жооп бериши керек

1 Аз дегенде 8-10 слайддан. Презентациалоо мөөнөтү 7-10 мүнөт болушу керек. 2 Слайддын титулдук барагы болуш абзел. Презентация слайддан башталышы керек да, мазмундун аты, окуу жайдын жери (институт,тайпасы, кесиби, кафедрасы) тапшырмасы, сабактын аты, автордун аты жөнү жана жетекчисинин аты жөнү.

3 Мазмуну ( презентациянын планы).

4 Мазмунда актуалдуулук, изденүүнүн багыты жана мүнөзү берилилди.

5 Негизги бөлүк.

6 Жыйынтык. 3-5 тезис, эң негизги иштин жыйынтыгы айтылыт.

7 Колдонулган адабияттардын тизмеси.

8 Слайд номерленген болушу керек.

9 Ар бир слайддын башы берилиши керек.

10 Ар бир иштин башы бир стилде аткарылышы керек (өңү, шриф, өлчөмү).

11 Тексттин слайдынын башаты үчүн 24-36 өлчөмүндөгү пункттан турушу керек.

12 Чекитти башатынын аягына коюга болбойт.Ар бир сүйлөмдөрдүн соңунда койсо болот.

13 Башатын узун кылып жазууга болбойт.

14 Ар бир слайд окшош болбого тийиш. Эгер окшош кылып жазгың келсе, мүмкүн болсо,аягында туура болот.

15 Шрифтер. Презентацияга жасалгалоо үчүн Arial, Tahoma, Verdana, Times New Roman, Georgia- шрифты.

16 Информациялык текстте шрифтин өлчөмү 18-22 пункт.

17 Бир слайддын ичине эч кандай бир нече текстти киргизүүгө болбойт. Ал жакка керек гана тезистерди батырууга болот.

## Синквейн жөнүндө түшүнүк.

**Синквейн жазуунун билим берүүчүлүк бөлүгу жана максаты, эрежелери, талаптары, шарттры**

Синквейн жөнүндө түшүнүк. Ыктын (стратегиянын) бул түрү, өтүлүүчү баардык окуу жайлардын сабактарында колдонулат. Бул методдо бир нече сөздөн сезимди билдирип, сөздөрдүн эң маанилүүсүн таңдап, татаал идеяларды түзүп, түшүнүгүн синтездештирип, сүрөттөөгө, ой жүгүртүүгө шыктандырат. Берилген негиз сөздү чечмелешет.

Синквейн деген сөз француз тилинен алынып, “беш” беш деген сөздү билдирет.

Синквейн сөз түрдө уйкаштыкты талап кылбаган, рифмалашпаган, ойду жыйынтыктоочу каражат катары колдонуп, аткаруучулардын ой жүгүртүүсүн ойготуп, ойлонулган рефлекцияларды талап кылган түшүнүктөрдүн жыйындысынан “4 сап ыр”. Ал эреже – схемалардын негизинде түзүлөт.

Максаты: а) татаал жаңылык - кабарларды топтоштурат ( синтездештирет)

б) аткаруучулардын билим –деңгээли, түшүнүгү байкалат, бааланат.

в) чыгармачылык көркөм- элес каражатын, алган билимин маалыматын бириктирет.

Синквейн жазуунун билим берүүчүлүк бөлүгү. Аудиторияда өтүлгөн темага жараша түзүлөт.Синквейн бир гана “манастаануу” сабагын эмес, кыргыз тили сабагын да камтыйт. Себеби, зат, сын атоочтор, этиш же жана башка темага тиешелүү башка сөз түркүмдөрүн колдонуп, маанилеш- синоним сөздөрдү анализдейт, талдайт да алардын арасынан теманы “ачкан” эң керектүү сөздү таңдайт. Өтүлгөн темаларга ой жүгүртүп, көрүү, угуу, мүмкүнчүлүгү ачылыт.

Эрежелери, талаптары, шарттары. Синквейн жазуудан мурун аткаруучулар төмөнкү эрежелерди, талаптарды, шарттарды өзүлөрү иштеп чыгууга окутуучу өбөлгө түзөт. Ал шарттар болжол менен:

1. Баардык ой баалуу;
2. Бир учурда сөз талашып сүйлөөбө;
3. Сөздү бөлбөө;

4. Ар бир адам өз ишин, идеясын, чечимин, көз карашын айта алат;

5. Чектегенге, сынаганга, какканга болбойт;

6. Бири – бирин угуу, сыйлашуу;

7. Шериги жана топ менен биргелешип, жардамдашып иштөө;

8. Баардык суроо маанилүү;

9. Көрсөтмө берип, идеясын таңуулабайт;

10. Берилген теманын үстүндө иштөө;

11. Белгиленген убукытты, регламентти сактоо ( коргоо убактысы 5 -10 мүнөт)

12. Синквейн слайд түрүндө даярдалышы керек.

Эскертүү: теманын оор жеңилине, максат, маселесине байланыштуу кээ бирде 3 мүнөттө да жазышат.

**СИНКВЕЙНДИ ЖАЗУУНУН СХЕМАСЫ:**

1-сабы---------зат атооч

2-сабы---------сын атооч

3-сабы----------этиш

4-сабы темага тиешелүү сүйлөм, фраза 4 сөздөн турат

5-сабы теманын маани – маңызын берген сөз ( синоним )

Башкача айтканда: 1- сабы (1сөз)

2-сабы (2 сөз)

3-сабы (3 сөз)

4- сабы ( фраза ( темага карай ой жүгүртүү оюу) ( 4 сөз)

5- сабы маңыз – маанилеш сөз (1 сөз)

**КЛАСТЕР ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ ТҮШҮНҮК.**

Кластер англис тилинен которгондо – “шиңгил” деген түшүнүктү берет. Жүзүмдүн 1 (бир) шиңгилин – тобун элестетсеңер болот.) Кластер – топ- шиңгил бөлүштүрүү же түзүү- аткаруучулардын кандайдыр бир тема боюнча ачык жана эркин ойлонушуна жардам бере турган педагогикалык ык (стратегия) . Ал “акыл эске (мээге) чабуул” деген акыркы мезгилдеги терминди алсак, мээни түздөн –түз иштөөгө мажбурлайт. Ой жүгүртүүгө мажбурлоонун кыйыр түрү кластер түзүү болуп саналат.

Женни Стил, Керт Мередис, Чарльз Темпл. “Сынчылолоону онүгүшүнө өбөлгө түзгөн методдор” 2 колдонмо 1998- ж. 58-бет. Женни Стил, Керт Мередис, Чарльз Темпл. “Дальнейшие методы. Способствующие развитию критического мышления” Пособие №2. Фонд “Сорос- Кыргызстан” Бишкек 1998. Стр.70-72

**ДИЛБАЯНДЫ ТУУРА ЖАЗУУНУН ЖОЛУ ЖАНА БАШКЫ ФОРМАСЫ:**

Дилбаян - автор өз оюн чыгармачылык менен жазуу формасында ишке ашыруу ишмердиги. Дилбаян жазуу илим да, өнөр да болуп саналат. Дилбаян жазуу ишинин бир түрү, окуу жайларына кабыл алуудагы билимди өлчөп көрүүнүн да башкы критерийи катары кызмат кылып келген жана келүүдө.

Дилбаянда - чыгарма, ал ошол чыгарманы жазып жаткан автордун пикирин, ички сезимдерин, ой толгоолорун чыгармачылык менен кагазга түшүрүлөт. Дилбаян жазуу- текст түзүп, байланыштуу сөздү өстүрүү үчүн аткарылган окуу ишмердиги, ошол эле кезде, автордун дүйнөсүн, турмуштук позициясын калыптоочу тарбиялоо каражаты жана эстетикалык табити, адабий-коомдук түшүнүктү өстүрүүнүн формаларынын бири. Чыгармачылыктын мүмкүнчүлүктөрү абдан ар тараптуу болгондой эле, дилбаяндын, жанрдык, стилдик жактары да чексиз,кеңири. Ошондуктан аткаруучу жазардан мурун дилбаян тематикасына карай экиге бөлүнөөрүн унутпашы керек.

1.Адабий чыгармачылык дилбаяндар, башкача айтканда программада өтүлгөн темалардын негизинде катышуучулар өз ойлорун кагазга түшүрүшөт.

2.Эркин темадгы дилбаяндар, катышуучулар “Манастаануу” сабагында атайын өтүлбөгөн, өз алдынча окулган чыгармалардын, интернет матириалдарынын, турмуштан алган таасирлердин негизинде жазышат.

Дилбаян – ар бир адамдын сөз байлыгын өстүрүүгө, логикалык ой жүгүртүүгө,өзүнүн оюн так, туура айтууга чоң жардам берет.

## Кыргыз тили сабагы боюнча тесттин суроолору

1. Сүйлөө органдары төрт негизиги бөлүктон турат. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы ашыкча?

А) Дем алуу органдары Б) Көмөкөй жана үн түйүндөрү

В) Көмөкөйдон жогорку көңдөйлөр Г) Угуу, көрүү органдары

**2.**Кыргыздар кайсы алфавитти колдонушкан эмес?

А) Иран Б) Орус В) Араб Г) Латын

**3**.Лексикологиянын изилдөө обьектилери кайсылар?

А) Сөз айкашы, сүйлөм Б) Сөз түркүмдөрү

В) Тыбыш, тамга, фонема Г) Сөз, сөздүн мааниси

4.Коп чекиттин ордуна келуучу созду белгилениз: Биз томондо ..... тузуп,кол коюуучулар.

а) программа

б)акт

в)арыз

г)буйрук

**5**.Кыргыздар Орхон-Эне сай жазууларынан кийин кайсы жазууну колдонгонун белгилегиле.

а)латын жазуусу

б)араб жазуусу

в)кирилицаны

г)орус жазуусун

**6**.Кыргыз тилине коп создору кирген тилдер.

а)казак,озбек,алтай,кара калпак

б)монгол,араб,иран,орус

в)орус,араб,иран,кытай

г)турк,англис,немец,орус

**7.**Берилген создун маанисин белгилениз**:"гимн**"

а)ырдоо

б)хор менен ырдоо

в)данктоо ыры

г)ыр

**8.**Эл аралык создор.

б)галстук,бухгалтер,китеп

в)киоск,сезон.балет,костюм

г)декан,драма,школа,орден

**9.** Кыргыз эли латын алфавитин колдонгон жылдар.

а)1926-1940

б)1924-1926

в)1926-1930

г)1926-1936

**10.** Култегиндин эстелиги ...... жазууларына кирет.

а)араб

б)уйгур

в)орус

г)орхон-енисей

**11.** 5-8 кылымдагы кыргыздардын колдонгон жазуусун белгиле.

а)араб

б)латын

в)иран

г)орхон-енисей

**12.** Соз онору жонундо айтылган макалды белгилениз.

а)Уят-олумдон катуу

б)Созун кумуш болсо,тек турганын алтын

в)Бар бардар эмес,мамиле бардар.

г)Улууну укпаган узарбас.

**13.**Фразеологиялык тизмектер активдуу колдонулган кептин стилин белгиле.

а)илимий

б)публицистикалык

в)иш кагаз

г)корком жана публицистикалык

**14. “Жарды”**деген тушунукту билдирген фразеологиялык бирдикти белгиле. а)жаагын айруу

б)ичкен ашын жерге койгон

в)кабыргасы менен кенешуу

г)уруп чыгар ити жок

**15.** Баш мучолордон гана тузулгон суйломдор.

а)атама суйлом

б)жонокой суйлом

в)жалан суйлом

г)баш суйлом

**16**.Кыргыз тил илимине грамматикалык терминдерди алгач киргизген тилчини белгилениз.

а)К.Тыныстанов

б)К.К.Юдахин

в)Х.Карасаев

г)Б.М.Юнусалиев

**17**. Көп маанилүү сөздөрдү тапкыла

А) Китеп Б**)** Баш В) Кыргыз Г)Укта

**18**.Кыргыз тили фразеологизмдерге абдан бай . Алар кепке көркөмдүк, образдуулук берип турат. Төмонкүлөрдүн кайсынысы фразеолгизм эмес?

А)Кара кылды как жарган Б) Калптын казанаы кайнабайт

В) Беш өрдөгүн учуруу Г) Куш боо бек болсун

**19.**Кыргыз тили дуйно жузундогу **......** тилдеринин тобуна кирет.

а)иран б)монгол в)турк г)кавказ

**20**.Кыргыз тилиндеги диалектилердин болунушун белгиле.

а)тундук,батыш,чыгыш

б)Тундук,Батыш

в)туштук,чыгыш

г)тундук,тушт

**Колдонулган адабияттар негизгиси:**

1.А.Сапарбаев, С. Өмүралиева, Р. Эгембердиев, В. Мусаева “Кыргыз тили”-10-11-кл.,үчүн окуу китеби-оңдолуп, такталып үчүнчү басылышы-Б.:”Акыл”Акционердик коому “Мектеп” 2003-383 б.